# ЭМГЕК КЕЛИШИМИ
№___

Таш-Көмүр шаары №6 Т.Уметалиев
атындагы жалпы орто билим берүүчү мектеби
эмгек келишими түзүлгөн орду

06.12.2022-ж.
түзүлгөн датасы

Биз келишим түзүүчү үч тарап **биринчи тараптан иш берүүчү Уманалиев Туран Абдыраимович**, Таш-Көмүр шаарына караштуу №6 Т.Уметалиев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин директору, **экинчи тараптан кызматкер** Бокошева Чинара Ибраимовна **үчүнчү тараптан кызматкерлердин өкүлчүлүктүү органы кесиптик кошундун төрайымы Айтбаева Гульмира Ырысбековна** болуп 2022/2023-окуу жылы үчүн төмөнкүдөй келишим түздүк:

**I Директор Уманалиев Туран Абдыраимович милдеттенет:**

1.Кызматкердин 2022/2023-окуу жылы үчүн жумалык саат жүктөмүн класс комплекттөөнүн натыйжасына жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 19-августундагы №653/1 «Жалпы билим берүү уюмдарынын педагогикалык кызматкерлерине (мугалимдерге) берилүүчү бир жумалык окуу жүктөмүнүн бөлүштүрүүнүн тартиби жөнүндө» буйругунун негизинде камсыз кылууга;
2.Иштөө үчүн класстык бөлмөлөрдү, техникалык каражаттарды бөлүп берүүгө;
3. Иш жадыбалын түзүп берүүгө;
4.Айлык акысын Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген тарифтик сетка боюнча алып берүүгө;
5.Практикалык жана лабораториялык иштерди аткарууга зарыл, керектүү заттарды жана жабдууларды мүмкүнчүлүккө жараша камдап берүүгө;
6.Ооруп калган мезгилде мүмкүн болушунча башка адистер менен алмаштырып турууга жана эмгек жарамсыздыгы баракчасынын негизинде ооруган күндөрү үчүн белгиленген өлчөмдө акысын төлөп берүүгө;
7.Эс алуу жана дарыланып келүү үчүн арзандатылган нарктагы путевкаларды алып берүүгө жардамдашууга.
8.Педагогикалык кеңештин чечими жана кесиптик кошундун отурумдарынын негизинде өтүлбөгөн сабактарды, атайын курстарды, кружокторду табелге киргизбөөгө;
9.Окуу жыл ичинде бирден кем эмес мугалимдин иш тажрыйбасын үйрөнүп, жыйынтыктап жана жайылтууга;
10.Мугалимдерди, класс жетекчилерди илимий-педагогикалык маалыматтар менен камсыз кылып, окуу жылы ичинде окуучунун проблемалары боюнча чейрек сайын төрттөн кем эмес семинар, илимий конференциялар жана башка усулдук иш-чараларды уюштурууга;
11.Мектепте педагогикалык кызматкерлерди аттестацияга даярдоого жана аны өткөрүүгө;
12. Ички эмгек тартибин көзөмөлдөөгө жана аны сактоону камсыз кылууга;

**Кызматкер (мугалим)** Бокошева Чинара Ибраимовна **милдеттенет:**

1. Мектептин ички тартип эрежесин сактоого;
2. Жадыбал боюнча сабакка 15 мүнөт эрте келип, окуу каанасын сабакка даярдоого;
3. Сабак өтүүдө көргөзмө куралдарды пайдалануу, рационалдуу ыкмаларды, техникалык каражаттарды, дидактикалык материалдарды кенири колдонуп, сабакты жогорку педагогикалык чыгармачылык денгээлде өтүүгө, билим сапатын 48% тен кем эмес деңгээлге жеткирүүгө;
4. Мамлекеттик стандартка ылайык билим берүүгө, аларды өздөштүрүүсүн, өз алдынча билим алуусун улантуусун камсыз кылууга;
5. Өзү окуучуларга гумандуу, маданияттуу мамиле кылуу менен өзүн маданияттуу алып жүрүүгө, иш убактысында алкоголдук ичимдиктерди ичүүгө, ичип келүүгө;
6. Башка мугалимдер ооруп же башка себептер менен келбей калган учурда мектеп жетекчилигинин көрсөтмөсү боюнча алмаштырып турууга;
7. Жаш мугалимдерге тажрыйбасын бөлүшүп, үйрөтүүгө, насаатчы болууга;
8. Класс жетекчи болууга, классындагы ар бир окуучунун кулк-мүнөзүн, жеке өзгөчөлүгүн, жөндөмүн, турмуш шартын окуп-үйрөнүп, ар бир окуучуга мүнөздөмө, күндөлук уюштурууга;
9. Окуучуларды тарбиялоону жогорку деңгээлде жүргүзүүгө;
10. Мектептин ички буюмдарын, техникалык каражаттарын сарамжал пайдалоанууга; ички жана тышкы бөлүнгөн жерди окуучулар менен бирдикте эмгекке тарбиялоо иштерин жүргүзүүгө;.
11. Өзү бузган же жоготкон мектептин буюмдарын жеке каражатынын эсебинен төлөп берүүгө;
12. Жумасына бир жолу дежур болууга, анын милдетин так аткарууга.
13. Классынын китеп алуусун, китепти таза, жыртпай тыкан сактоосун жана толук бойдон кайра тапшырууга;
14. Сабактан сырткаркы мезгилдерде педагогикалык жамаат менен биргеликте ишембили-акцияларга, маданий массалык иш-чараларга активдүү катышууга;
15. Мектепте өз ден соолугун чыңдоого багытталган спорттук иш-чараларга активдүү катышууга.
16. Педагогикалык жамаатты, мугалимдерди урматтоого, педагогикалык кеңешмелердин чечимин, мектеп жетекчилеринин көрсөтмөсүн өз убагында аткарууга.

______________________

Scanned by TapScanner